КИТЕП ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ

Абдылда Карасартов

# ТАБЫШМАКТАР




83.8
К-21

**Абдылда Карасартов**

# ТАБЫШМАКТАР

*Бакчадагы балдар үчүн*

Сүрөтчү
Бек Жайчибеков



Бишкек

1196
27818

2016

УДК 821.51-93
ББК 83.8
К 21

**Карасартов Абдылда**
К 21 Табышмактар / Сүрөт.: Жайчибеков Б. – Б.; Кутаалам, 2016, – 20 б., сүр.

ISBN 978-9967-25-177-9

Автордун бул "Табышмактар" аттуу китеби кичинекейлердин ой жүгүртүүсүнө ылайыкталып жазылган. Мында негизинен бебектердүн ыр түрүндөгү табышмак аркылуу алуу, кошуу, айбанаттардын кандай аталыштары жана жакшы менен жамандын айырмасы менен жыл мезгилдерин бири-биринен ажырата билип алуусу максат кылынгана түркүн айбанаттардын аттары, азыктануусу жана алардын адамдарга келтирген пайда-зыяндарына ой жүргүзүп, кептү билүүгө далалат кылат.

Негизинен табышмактар түркүн жан.

Балдар бакчасы менен 1-класстан 3-класстын окуучуларына ылайыктап түзүлгөн бул табышмактар балдардын өзүн курчап турган чөйрө жаныбарлар менен табият кубулуштарын өз ичине алуу менен күндөлүк турмушта керектелүүчү нерселерге көңүл буруута үндөйт.

К 4803300200-08
ISBN 978-9967-25-177-9

УДК 821.51-93
ББК 83.8
© Карасартов А., 2016.
© ЖЧК «Кутаалам», 2016.

# Табышмактар

Тап-тап табышмак,
Табышка ат салышмак.
Жандырмагын жандырган,
Балдар мөрөй алышмак.

Кана эмесе, келгиле,
Мага жардам бергиле.
Жоопторун табалы,
Жыргап күлүп алалы.






Ак шооласы чачырап,
Тиктөсөң көздү качырат.
Бүт жер бети жанданып,
Нурунан гүлдөр ачылат.
(Күн)

Эртең менен барамын,
Белен ичээр тамагым.
Ойноймм, уктайм, кечинде,
Үйгө кетип каламын.
(Бала бакча)

Өзү балбан алп айбан,
Арстан, жолборс айбыгат.
Канчалык чоң болсо да,
Чычкандан коркуп кайгырат.
(Пил)

Кыргыздын көп тоолору,
Баарын кимдер айта алат.
Кайсы тоону элибиз,
Атын атайт кайталап?
(Ала-Тоо)



Куйругу жок бир уй бар,
Келдиң беле кашына.
Айт, бул кайсы жаныбар,
Бутак енген башына?

(Бугу)

Балбан куш бар тартайган,
Кумдуу чөлде жашаган.
Оңой менен карматпайт,
Кулүк, дагы, качаган.

(Төө куш)

Ата да эмес, эне эмес,
Алардан эч бир кем эмес.
Тентектик кылсаң кетерген
Бир киши бар кебелбес.

( Мугалим)

Улуубу же кичүүбү,
Баарын тең көзгө илбеген.
Курбуларын таарынтып,
Муштай качып тилдеген,
Бул кандай бала?

(Адепсиз бала)





Алыс, жакын жердөгү,
Баары даана көрүнгөн.
Айланага күн нуру,
Шоола болуп төгүлгөн.
Бул кайсы мезгил? (Күндүз)

Эч нерсени көрбестөн,
Эки көзү байланган.
Көпкөк асман өзгөрүп,
Кара түскө айланган.
Бул кайсы кез? (Түн)

Жердин бети тоборсуп,
Байчечекей жайнаган.
Кудум боёп койгонсуп,
Жапжашыл бүт айлана.
Бул кайсы мезгил? (Жаз)

Бакта булбул сайраган,
Алча-өрүк жайнаган.
Түркүн гүлдөр ачылып,
Жыпар жыттуу айланаң.
Бул кайсы мезгил? (Жай)

Талаалар бүт саргайып,
Төөнүн карды жарылган.
Элдин баары шашылып,
Отун, сууга камынган.
Бул кайсы мезгил? (Күз)

Талаалар аппак пахтадай,
Жарыкта суулар акпаган.
Шашылып ишке барам деп,
Дыйкандар эрте жатпаган.
Бул кайсы мезгил?
(Кыш)



Дайыма бар үйүңдө,
Такыр ичпей койбойсуң.
Эгер наның болбосо,
Ичкен менен тойбойсуң.
Бул эмне?

(Чай)

Ороп койгон кагазга,
Түркүн-түркүн таттуу бар.
Апаң барса конокко,
Ала кетип тартуулар.
Бул эмне?

(Шоколад, конфет)

Болсо дагы төрт буту,
Баспайт, бирок секирет.
Түндө чардайт курулдап,
Күндүз кайра бекинет.

(Бака)

Түркүн түстүү ыраны,
Гүлден гүлгө конушат.
Балдар кармап ойношот,
Бардык жерде болушат.

(Көпөлөк)

Жатсаң, турсаң колуңда,
Түшүрбөйсүң тагынып.
Ишти алып барасың,
Сен ошого багынып.

(Саат)

Ыйлаганда бөбегүң,
Дароо оозуна саласың.
Тып басылат ошондо,
Тапкан еңдүү мамасын.

(Упчу)



Канча ачуу болсо да,
Эл тамакка салышат.
Аны жесе кээ бирөө,
Тердеп, жыргап калышат.
Бул эмне?

(Мурч)

Тышы, ичи кыпкызыл,
Чийки да жейт кааласа.
Кошот жана тамакка,
Арзан турат бааласа.
Бул эмне?

(Помидор)

Тиш-тиш болуп бириккен,
Чийки жесе жыттанат.
Туурап кошот тамакка,
Анын атын ким табат?

(Сарымсак)

Тууруганда ыйлайсың,
Таштаганга кыйбайсың.
Манту жасайт эт кошуп,
Коногуңду сыйлайсың.
Бул эмне?

(Пияз)

Үйдүн баары кур эмес,
Ансыз бышпайт тамагың.
Жыты бар, бирок көрүнбөйт
Кызматы чоң баалагын.

(Газ)





Мамалак деп айтышат,
Момун экен карачы.
Шашпай басат момпоюп,
Бул эмненин баласы?
(Аюунун)

Эмне көрсө тандабай,
Баарын бирдей аймаган.
Тумшугу менен жер түртүп,
Жүргөн жерин "айдаган".
Буларды айтат эмне деп?
(Каман, чочко)

Бөлтүрүк дөгөн күчүктүн,
Кулактары тикчийген.
Көгүш экен жүндөрү,
Бул эмненин баласы?
(Карышкырдын)

Кыруу, кыруу, кыруулап,
Жылкычылар чакырат.
Кыруу сөзүн кайталап,
Айтчы нени чакырат?
(Жылкыны)

Байкем жүрөт "кош-кош" деп
Жеңем жүрөт "өш-өш" деп.
Кайсы малга айтылат,
Ушул окшош эки кеп.
(Үй менен койго)

Айтып жатты "чөк-чөк" деп,
Асан кармап буйласын.
Кайсы малга айтылат,
Кана, ойлонуп, тап бачым.
(Төөгө айтылат)



Капарыңа албайсың,
Көрүнбөйт эч көзүңө.
Тамак, суудай керек ал,
Ар убакта өзүңө.
(Аба)

Күркүрөп үрөй түшүргөн,
Жаркылдатып найзасын.
Токойго түшсө өрттөгөн,
Атын кимге айтасың?
(Чагылган)

Асман ыйлап шолоктоп,
Көзүнөн жаш төгүлдү.
Суусап турган эгиндер,
Кулпунуп кооз көрүндү.
(Жамгыр)

Табигаттын элеги,
Түгөнбөс ун эледи.
Элөй бергин унуңду,
Элге тиет кереги.
(Кар)

Көктөн түшкөн көк буурчак,
Кез ачырбайт сабалап.
Жемиш бакты кыйратты,
Денелерин жаралап.
(Мөндүр)

Карап турсаң пахталар,
Каалгыйт көктө акырын.
Окшойт пилге, жолборско,
Шыпшынып таң каласың.
(Булуттар)



Жазда келип үйлөрдүн,
Шыбына үй жасаган.
Адамдардан чочубай,
Күзгө чейин жашаган.
(Чабалекей)


Шакылыктап сайраган,
Жоор ат керсе жабышкан.
Учат дароо шуу коюп,
Дабыш сезсе алыстан.
(Сагызган)

Ала койсо сайраган,
Билген киши колуна.
Тийген кезде кереги,
Артып алат жонуна.
(Ак чардак)

Сабын бузбай учушат,
Аркан болуп чубалып.
Күздө кетет алыска,
Кош айтышып чуу салып.
(Каркыра)

Тынбай чуркап, эс албай,
Кичинекей чыйпылдак.
Энесинин жонуна,
Чыгып алат шыпылдап.
Бул эмне?
(Жөжө, балапан)

Шакылыктап сайраган,
Таштан-ташка секирип.
Бир нерседен шектенсе,
Жашынып шарт бекинип.
Бул эмне?
(Кекилик)



Кечээ күнү бакчага,
Тогуз бала барганы.
Төртөө кетти үйүнө,
Канча кетпей калганы?
(Беш)

Сегиз алмам бар эле,
Тең бөлдүк төрт балага.
Ар бирине канчадан,
Тиет, айтчы тез гана?
(Экиден)

Алты чымчык даракка,
Учуп келип конушту.
Канча болот бардыгы,
Дагы үчөө кошулду?
(Тогуз)

Он төрт жөжөм бар менин
Теңи кара, теңи ак.
Кара канча, ак канча,
Ойлоп аны өзүң тап?
(Жетиден)

Сегиз анар, төрт өрүк,
Бар болгону экөөбүз.
Анар менен өрүктү,
Канчадан тең бөлөбүз.
(Төрт анар,
өрүк экиден)



Жазып алат үнүңдү,
Сүйлөп жана ырдасаң.
Эргий түшет көңүлүң,
Коюп алып тыңшасаң.
Бул эмне?

(Магнитофон)

Маңдайлаша отуруп,
Кана жүргүн “бат” дейсиң.
Кээде “шах” деп тарс коюп,
Мына чыктым, “мат” дейсиң.
Бул эмне?

(Шахмат)

Ашырып же кемитпей,
Салмагын тең өлчөгөн.
Мүмкүн эмес болжолдоп,
Өлчөп көрүү көз менен.

(Тараза)

Кыргыз сүйгөн бул аспап,
Болсо дагы кичине.
Толгон күүнү батырып,
Келе жатат ичине.

(Комуз)

Тарс этип чыккан үнү бар,
Тагыраак айтсам сүрү бар.
Жанын алат жандуунун,
Жакшылык кылбас түрү бар.

(Мылтык)



Ак булалар ачылган,
Чанагын жарып барсайып.
Алабыз деп мол түшүм,
Дыйкан айтат жар салып.
(Пахта)

Оттоп жүрөт он козу,
Улак анын жармындай.
Канча экен улактар,
Жообун тапчы жаңылбай?
(Беш)

Бекейдө бар беш тыйын,
Текейде бар төрт тыйын.
Канча болот бардыгы,
Болсоң айтчы, сен кыйын?
(Тогуз)

Чагып алчу бир чеп бар,
Жандап етсөң жанынан.
Айрек дейбиз эгерде,
Туура айтпай жаңылсаң.
(Чапкан)

Жалбырагы ийнедей,
Жайы-кышы жапжашыл.
Баары билет балдардын,
Буйдалбастан тап бачым.
(Карагай, арча)





Анда-санда “кы-кылап”,
Минип барат бир киши.
Эмне анын мингени,
С з маанисин бил эми.

(Эшек)

А дып туруп чычканды,
К рс  дароо кармаган.
Курч тырмагын батырып,
Оозу-мурдун кандаган.

(Мышык)

Суудa ж рс  туйлаган,
Дайым куунак к   л .
Эгер чыкса кургакка,
Б т т жашоо  м р .


(Балык)

Бели ичке болсо да,
Эмгек с йг н башынан.
Он эсе чо   з н н,
Оор нерсени ташыган.

(Кумурска)

Буттары бар тарбайган,
Тор токуп эч талбаган.
Торго т шк н олжосун,
Кармап алып жалмаган.

(Жөргөмүш)





Аты уйкаш дептергө,
Канаттууну эмне дейт?
Үйүр алып адамга,
Кармаса да кебелбейт.
(Кептер)

Буту колу жок туруп,
Ойду-тоону кыдырат.
Эгер чындап жинденсе,
Бак-даракты сындырат.
(Шамал)

Эти семиз, майы жок,
Түрдүү болотеңдөрү.
Балдар аны жегенде,
Эч карабайт өңгөнү.
(Коон)

Териси бар, жүнү жок,
Денеси бар, жаны жок.
Эти таттуу эң эле,
Сойсоң, бирок каны жок.
(Дарбыз)

Түсү кара тим эле,
Өңүндө жок сулуулук.
Бирок катуу аязда,
Берет элге жылуулук.
Бул эмне?
(Көмүр)





1196



Жолукканда улуулар,
Айтчы, не деп айтасың?
Берген жообуң туурабы,
Башкалар да байкасын.

(Салам берүү)

Айландырган адатка,
Эрте туруп чуркоону.
Чымыр дене шамдагай,
Билбейт оору-сыркоону.

(Спортсмен)





# Карасартов Абдылда

Карасартов Абдылда 1937-жылы Кытай Эл Республикасынын Кулджа шаарында төрелген. 1958-жылы Шинжаң институтунун тарых жана география факультетин бүткөн. 1963-жылы өз мекенине кайтып келген соң "Кыргызстан пионери" газетасында жана "Жаш ленинчи" журналында иштеген.

Балдар үчүн "Мончок", "Кереметтүү чабак", "Баканын ыры" аттуу китептери кыргыз жана орус тилдеринде жарыкка чыккан. Андан тышкары балдар үчүн жазылган чыгармалары азербайжан, түркмен, езбек, казак, уйгур, дунган тилдерине которулган. Азыр да балдар үчүн жазылып даярдалган аңгеме, ыр, табышмак жана жомокторду өз алдынча бирден китеп болот. Азыркы күнде эс алууда болсо да балдар үчүн чыгарма жазууну улантууда.



**Карасартов Абдылда**
**Табышмактар**
Бакчадагы балдар үчүн

Сүретчүсү Б. Жайчибеков
Редактору А. Кабылова
Компьютердик калыптоочу А. Анохин
Корректору Г. Сагынбекова

Нускасы 2200
**ЖЧК “Кутаалам”**

1196



## "Китеп дүйнөсүнө саякат"

## Балдар көркөм адабият сериясы

